тарых илим. кандидаты, доцент Р. Жолдошов

**ФУ-ЙУ кыргыздарынын түпкү теги**

Бөлөк элдердин арасында жашап калган кыргыз диаспорасы көп эле кездешет. Андан тышкары азыркы Ала-Тоолук кыргыздар менен байыркы мезгилде этностук бир бүтүндү түзгөн калктар дагы болуп келген. Алардын ичинен айрыкча белгилей турганы, XVIII кылымдын башында тарыхый шартка байланыштуу өз алдынча этнос болуудан калган Енисейлик же Сибирлик кыргыздарды айтсак болот. Кыргыз таануу илиминде бирдей этноним менен аталган бул эки этностун өз ара байланыштарын изилдөөдө көптөгөн проблемалар камтылып жатат.

Кийинки мезгилде айрым окумуштуулар Кытайдын Манжурия [Маньчжурия] аймагында жашаган, өзүлөрүн кыргыз деп аташкан чакан этностук топту, тарыхый бир мезгилде бөлүнүп калган кыргыз элинин кичинекей бөлүгү деп атап келишүүдө. Кытайдын Хэйлунцзян провинциясынын Фу-йу ооданындагы кыргыздарды илимде ар түрдүүчө аташат. Алсак, аларды жашаган оодань боюнча Фу-йу кыргыздары же провинциянын атынан Хэйлунцзян кыргыздары, ал эмес манжуу кыргыздары деп да жазышат. Чындыгында бул кыргыздар жөнүндө изилдөөлөр, салыштармалуу кийинки мезгилде гана башталган. Ал эми Кыргызстанда болсо, алар жөнүндөгү макалалар эгемендүүлүккө ээ болгон жылдардан баштап эле чыга баштады. Себеби Кытай өлкөсүндө фу-йу кыргыздарын 1950-жылдарга чейин расмий иш кагаздарда ханзу (кытай) тилинде «жар жаз» деп атап келишиптир. 1952-жылы гана атайын текшерүү комиссиясынын чечими менен, алгач ирет аларды өзүлөрүнүн аташы боюнча Манжуриядагы түрк тилдүү чакан улут катары расмий каттоодон «кыргыз» деп өткөрүшүптүр (Чоротегин Т. «Заман Кыргызстан».-1997.- 8-авг.).

Бүгүнкү күндө Фу-йу кыргыздары жөнүндө илимий изилдөөлөр аздык кылат. Аларды алгачкылардан болуп кытайлык түрколог- тилчи Ху Чженьхуа изилдеп келет. Ал 1957-жылдан тартып Манжуриялык кыргыздардын тили боюнча материалдарды топтоп, жарыялап келүүдө. Алар жөнүндөгү бир катар маалыматтарды Россиялык түрколог Э.Р. Тенишев да жарыкка чыгарган ( ТенишевЭ.Р. 1996.-№2; 88-95). Фин окумуштуусу тилчи, этнограф Юха Янхунен 1988 - жылы Фу-йу ооданында болуп, жергиликтүү кыргыздар жөнүндө макала жазат. Бул макала академик Б. Орузбаева тарабынан которулуп, 1991-жылы «Кыргызстан маданияты»газетасына жарыяланган. 1990-жылы Новосибирлик тарыхчы С.Г. Скобелев, Алматалык врач А.А. Шомаев менен чогуу Фу-йу жергесинде болуп, хэйлунцзяндык кытай изилдөөчүсү Чжан Тайсян менен бирдикте жазылган макаланы окурмандарга сунушташкан. Ал макала адегенде 1991-жылы белгилүү чыгыш таанучу В.А. Ромодинге арналган илимий конференциянын материалдарына тезис түрүндө киргизилген (ИСИКСОСЦА.-1991;431). Кийин тарыхчы К.Табалдиев тарабынан кыргызча которулуп, 1994-жылы «Заман Кыргызстан» газетасына басылган. 1997-жылы швецариялык чыгыш таанучу Гундула Салк менен Кытайдагы Кызыл-Суу кыргыздарынын окумуштуу филологу Мамбеттурду Мамбетакун экөө Манжурия кыргыздарын иликтөө

максатында ал жакка барып келишкен. Бул эки автордун жазган маалыматтары 1998-жылы Краков шаарында китепче болуп, англис тилинде жарык көрдү. Алардын айрым билдирүүлөрүн Т. Чороев 1997-жылы «Заман Кыргызстан» газетасына жарыялаган. Мындан тышкары аларга арналган Россиялык жана Батыш Европалык бир нече авторлордун макалалары бар (Ги Имар, Ю.С. Худяков, В. Бутанаев ж.б.). Кыргызстандык тарыхчы изилдөөчүлөрдүн арасынан фу-йу кыргыздары тууралуу тарых илимдеринин доктору Т. Чороев жана жаш изилдөөчү Г. Абдалиева өзүлөрүнүн чакан макалаларында баяндашат («Абдалиева Г. «Нооруз», Вып.1, 1999.-160; Чоротегин Т. «Заман Кыргызстан».-1997.- 8-авг.).

Жогоруда каралган макалалардын көпчүлүгү фу-йу кыргыздары жөнүндө кыскача маалымат берүүчү мүнөзгө ээ. Алардан башка Фу-йу оодaны жайгашкан Хэйлунцзян провинциясынын борбору Харбин шаарындагы “Хэйлунцзян улуттук Азчылыктар”институтунда “Кыргыз Улуттук изилдөө коому” илимий-изилдөө иштерин жүргүзөт. Кытай изилдөөчүлөрү топтогон материалдардын айрымдарын Кытай Республикасындагы Кызыл-Суулук кыргыздардын окумуштуулары кыргыз тилине которушкан (Кыргыздар.-1997.-202-208; 408-414). Азыркы учурда Кыргызстандык изилдөөчүлөрдүн Манжурия кыргыздарын тикеден-тике иликтөө мүмкүнчүлүктөрдүн жоктугуна байланыштуу, биз бул макалабызда алар жөнүндө кабарлаган адабияттардагы маалыматтарды пайдалануу менен чектелдик.

Фу-йу кыргыздары Кытайдын Манжуриясындагы Хэйлунцзян провинциясынын борбору Харбин шаарынан түндүк-батышка 300 километр алыстыктагы Руңжаң дарыясынын сол жак алабында жайгашкан. Алардын саны 1958-жылы жүргүзүлгөн эл каттоодо 640 жан болгон (Кыргыздар.-1997;203). Ал эми 1982-жылы 778 (Ху Чженьхуа.-1989.-№3), 1997-жылы 1200 жанга жеткен (Чоротегин Т.-“Заман Кыргызстан”.- 1997; 8-авг.)

Алар өздөрүн “кыргыс”(гыргыс) деп аташат. Жергиликтүү башка улуттагы адамдар “гиргис” деп айтышат. Мурунку мезгилде фу-йу кыргыздарын жергиликтүү монгол тилдүү улуттар менен кошо “оорот” (ойрот) деген жалпылама ат менен атай беришчү экен (Ху Чженьхуа.-1989.-№3). Азыркы маалда миң жандан бир аз ашкан бул кыргыздар толугу менен өзүлөрүнүн улуттук тилин унутуп, ханзу (кытай) калкына сиңип кетүү процессин баштарынан кечирип жатышат. Себеби алардын башка улуттар менен болгон тилдик карым-катышы, билим алуу системасы жана бардык маданий байланыштары ханзу тилинде жүргүзүлөт. Өзүлөрүнүн тилин билгендер бирин-серин гана улгайган адамдардын арасында кездешип, алар дагы аны толугу менен билишпейт экен. Ошондуктан, алардын улуттук маданий мурасы да жок болуп баратыптыр (Янхунен Ю.-1991; 9-май). Фу-йу кыргыздарынын тарыхы жөнүндө жазма документтер жокко эселик кылат. Ушул себептерден улам алардын түпкү теги, Манжурияга кайдан жана качан келгендиги туралуу маселеде окумуштуулар арасында түрдүү көз караштар айтылып келет.

Фу-йу кыргыздарынын тилдик материалдарын изилдешкен кытайлык лингвист-түрколог Ху Чженхуа жана россиялык тилчи Э.Р.Тенишев алардын тили Түштүк Сибирлик түрк элдеринин, өзгөчө енисейлик кыргыздар менен этностук жакындыгы бар жана алардын тарыхый мекенин жердеп калышкан хакастардын тили менен жакындыгын белгилешет. Жыйынтыгында жогоруда аталган изилдөөчүлөр фу-йу кыргыздары ала-тоолук

кыргыздарга караганда енисейлик кыргыздар менен этностук тектеш деген пикирге келишкен. Фин изилдөөчүсү Юха Янхунен да алардын «тили жана тарыхый малыматтары XVIII кылымдын башында Минусин ойдуңунан чыгышкан енисей кыргыздарынын тукумдары экендигин күбөлөп турат»,- деп жазат (ЯнхуненЮ.- 1991: 9-май). 1990-жылы Манжурияда болушуп, фу-йу кыргыздары жана алар жөнүндөгү маалыматтар менен жакындан таанышып келишкен С.Г. Скобелев, А.А. Шомоев ошондой эле, алар менен бирдикте көз карашын билдирген хэйлунцзяндык кытай изилдөөчүсү Чжан Тайсян, фу-йу кыргыздары 1703-жылы жунгар - ойроттору Ата мекенинен зордоп көчүрүп кетишкен енисейлик кыргыздардын түздөн-туз урпактары деген жыйынтыкка келишкен. Алар жергиликтүү кыргыздардын азыркы мезгилде ханзу тилиндеги фамилияларга айланып кеткен алты уруулук бөлүнүшү бар экендигин белгилешет. Анын ичинен бир гана «Табхын» уруу аталышынын этимологиясы белгисиз. Ал эми калган беш уруулук аталыштардын бардыгы Түштүк Сибирлик уруулар менен байланышат. Мисалы, «Табын» уруусу орус архивдик жазмаларда Енисей өрөөнүндөгү «Кыргыз жергеси» менен катар жайгашкан «Табын жергесинин» аталышынан келип чыккандыгын айтышат. «Былтыр» уруусу XVII кылымдан бери Енисей жана Абаканда белгилуу «Белтир» этностук тобу менен дал келет. Азыркы мезгилде алар хакас элинин көпчүлүгүн түзгөн уруу. «Чигдыр» уруусу орто кылымда кыргыздар менен Енисейде жашаган «чик» же «чиг» уруу атынан жаралган. Жогоруда айтылган үч уруулук түзүлүш XVIII кылымдын башында жунгар-ойроттору көчүрүп кеткен енисейлик кыргыздардын курамында болгондугун тарыхый жазмалар билдирет. Алсак XVIII кылымда орустарга барган жунгар элчилери енисейлик кыргыздардын табын, белтир, эчик (чик) деген кыштымдары болгондугун эскеришкен. Орус жазмаларында «чик» (эчик) аталышы «шик» улусу деп да жазылат. (ИСИКСОСЦА.- 1991; 100). Фу-йу кыргыздарынын төртүнчү уруусу — кыргыс. Ал эми бешинчи «Сандырдыр» уруусун, макаланын авторлору XVII кылымдагы белгилүү инсан тубин (кыргыз) князы Шанданын атынын келип чыккан деген божомолду айтышат (ИСИКСОСЦА.- 1991; 99-101). Фу-йу кыргыздарынын тарыхый-этнологиялык жана лингвистикалык маалыматтарына таянышкан көпчүлүк изилдөөчүлөр жогоруда айтылган көз караштарга кошулушат. Бирок, алардан айырмаланган да пикирлер кездешет. Мисалы, Кыргызстандык жаш изилдөөчү Г. Абдалиева фу-йу кыргыздары, XIII кылымдын аягында Чынгызхандын урпагы Хубилай-хандын буйругу менен Манжурияга көчүрүлгөн Енисей кыргыздарынын айрым бөлүктөрүнүн калдыгы болушу мүмкүн деген ойду айтат («Нооруз».- Вып.1.- 1999; 160). Т.Чороев болсо, Манжуриядагы чакан кыргыз тобу XIII кылымдагы кыргыздар менен XVIII кылымда Чыгыш Түркстандан көчүрүлгөн енисей кыргыздарынын жуурулушунан чыгышы да мүмкүн деген божомолун билдирет (Чоротегин Т.- “Заман Кыргызстан”.-1997; 8-авг). Белгилей кетчү нерсе, фу-йу кыргыздары менен XIII кылымда Манжурияга көчүрүлгөн кыргыз топторун байланыштырган далилдүү фактылар кездешпейт. Экинчиден, XIII кылымда Манжурияга көчүрүлгөн орто кылымдагы кыргыздардын кичинекей бөлүгү 500 жыл бою жергиликтүү элге жуурулушуп кетпей, өз алдынчылыгын сактап калуусу өтө фантазиялуу көз караш болуп көрүнөт. Мындан башка дагы кытайлык изилдөөчүлөрдүн айрымдарында фу-йу кыргыздары XVIII кылымда жунгар-ойроттору талкаланган мезгилде алар менен кошо кеткен Синьцзяндык (Чыгыш

Түркстандык, б.а. Ала-Тоолук) кыргыздардан болушу ыктымал деген пикир айтылат (Кыргыздар.- 1997; 202).
Жогоруда каралган маселенин жыйынтыгы боюнча фу-йу кыргыздарын изилдөөчүлөрдүн дээрлик бардыгы, бул чакан этностун енисейлик кыргыздардан чыккандыгын айтышат. Алардын Манжурияга кайсыл мезгилде жана кандай шартта баргандыгына келгенде, окумуштуулардын көз караштарында айырмачылыктар болгондугу байкалат. Мындай шартта манжуриялык кыргыздар өздөрү оозеки айтып келишкен тарыхый уламыштарды иликтеп, андагы маалыматтарды, алардын түпкү-тегин, тарыхын тактоо үчүн пайдалануу өзгөчө мааниге ээ болот. Ошондуктан, фу-йу кыргыздарынын бизге белгилүү болгон тарыхый уламыштарын талдап көрүүнү ылайык таптык. Санжазы кыштагынын тургуну Доюр Забу деген фу-йу кыргыз өкүлү айтып берген эки тарыхый уламышты кытай изилдөөчүлөрү жазып алышкан. Аны кытайдагы Кызыл-Суулук кыргыз окумуштуусу Алмамбет Осмон уулу кыргызчага которгон (Кыргыздар.-1997; 408-414).
Уламыштарда XVIII кылымдын ортосунда Чыгыш Тянь-Шанда болуп өткөн, Жунгар-хандыгынын кыйроо мезгилиндеги тарыхый окуялар чагылдырылат. Анын кыскача сюжети төмөнкүчө берилет: Илгери Алтай, Каңгай тоолорунун айланасында жашаган элдин Шаазада Давачы (Давацы Р.Ж.) деген падышасы болот. Анын сулуу аялы, тулпары жана отуз эки сангун (сан Р.Ж.) жоокери болуптур. Бир мезгилде падыша Ченлуң (кытай падышасы) аларга каршы жортуул жасап, Шиңжанга (Синьцзянга, б.а. Чыгыш Тянь-Шанга Р.Ж.) келет. Давачынын жээни хот (хойт Р.Ж.) уруусунун башчысы Амирсына (Амирсана) чындарга (кытайларга Р.Ж.) баш ийип, шаазада Давачыны жана анын элин чындарга кошуулуга үндөп чыгат. Анын бул кылыгы Давачыга жакпайт. Акыры Амирсына амал менен таякеси Давачыны чындарга туткунга түшүрүп берет. Аны бошотуп алуу үчүн кол башчы Калчор жана анын жардамчысы Йовгун мерген отуз эки сангун жоокерди алып кытайлардын артынан кууп жөнөшөт. Алар Орхун (Орхон Р.Ж.) дарыясына жетип, аскерлер суудан өтүп жаткан мезгилде, дарыя ташкындап көп адам сууга агып өлөт. Ошондон улам дарыянын бул өйүзүндөгү Иовгун мергендин колунан, анын акеси Калчор бир нече жүз жоокер менен дарыянын аркы өйүзүндө бөлүнүп калат да, кытайлардан жеңилип, аларга туткунга түшөт.
Шаазада Давачыны болсо Бээжин шаарына алып келишет. Бирок ал падышага моюн сунуудан баш тарткан соң, ага Амирсынаны жиберип көндүрмөк болушат. Давачы Амирсынаны көрүп бетине жаба түкүрөт. Ошондон тартып чыккынчынын бетине жара чыгып, акыры ал ошол жарадан өлөт. Шаазада Давачы эл-жерин, сулуу аялын сагынып, өзүн-өзү өлтүрөт. Бул окуядан кийин Давачынын күлүк тулпары кытайлардан качып чыгып, шаазаданын алтын айымына жетет да, аны көргөндө үч жолу кишенеп жан берет. Алтын айым Давачынын өлгөнүн түшүнүп, Алтай тоосуна чыгып кеткен боюнча кайтып келген эмес экен. Сулуу айымдын көз жашынан Алтай, Каңгай тоолорунун башына кар пайда болуп, ал жыл бою эрибес болуп калат. Ушундан сон кыргыз эли жоболоңго туш болуп тынч ала албаптыр (Кыргыздар.-1997; 408-412).
Экинчи уламыш биринчи уламыштагы окуянын уландысы катары айтылат. Калчор кытайларга колго түшкөндөн кийин, аны Ченлуңдун жардыгы боюнча өлтүрүшөт. Йовгун мерген болсо, Алтай, Каңгай тоо кудайларына «агам Калчорду туткундан бошотуп келем» деп ант берет да, антын орундатыш үчүн Бээжинге жөө келет. Ал падыша Ченлуңдан агасы

Калчорду бошотуп берүүсүн талап кылат. Падыша Иовгун мергендин өтө зор келбетинен сүрдөп, «агаңды аскерге башчы кылып жортуулга жибергем, келгенче күтө тургун» деп алдайт. Ал агасын күтүп жаткан мезгилде Бээжинге бир алп зумурук (зымырык Р.Ж.) куш учуп келет да, анын канатынын далдаасынан шаар эли үч күнгө күн көрбөй караңгылыкта калат. Падыша Йовгун мергенди чакырып алып, бул зумурук кушту кетириштин бир айласын тапкын, антпесе агаң шаарды таап келе албай калбасын дептир. Йовгун мерген жаасын алып чыгып алп кушту атып, аны жарадар кылат. Йовгун мергендин баатырлыгына таң калган падыша: «менин беш жүз сегиз асабалуу аскеримди машыктыр, ага чейин агаң келет»,- деп айтат. Баатыр макул болуп кытай аскерлеринин машыктырып жүрсө, бир жоокер жөжөнү кармап алып кыйнап жатканын көрөт. Ага: «кичине жөжөнү кыйноо уят эмеспи,- деп эскертсе, жоокер,- мунун эмнеси уят, падыша бизге чын аскерлери үчүн кыргыздарды өлтүрүш тоок өлтүргөндөн да оңой деп үйрөткөн. Сен болсо агаңды күтүп жүрөсүң, агаң эчак эле өлгөн»,- деген жооп айтат. Муну уккан Йовгун мерген кытай аскерлеринин бардыгын өлтүрүп, падыша Ченлуңга келет да, аны жаасы менен мээлеп туруп: «агамдын эмне болгондугун тез айтып бер, болбосо сени да аскерлериңе кошуп коем»,- дептир. Падыша коркконунан, ээси ооп жыгылат. Йовгун мерген падышанын ушунчалык суу жүрөктүгүнөн жийиркенип, ага тийбестен, жебесин анын тагына сайып коюп, элине кайтып кетет. Кытай падышасы кыргыздардын эр жүрөктүүлүгүн билгенден кийин илгери Давачы жана Калчор менен кошо колго түшкөн кыргыздарды Фийлуңжандын (Хейлунцзян) Айгун, Бүкүй, Хайлар, Холен, Баен жерлерине сүрүп, аларды сегиз тууга бөлүп коет. Ошондон бери кыргыздардын бир бөлүгү Хейлунцзянда (Фу-йу ооданы) жашап калыптыр (Кыргыздар.- 1997; 412-414). Фу-йу кыргыздарынын бул тарыхый уламыштарында фольклордук көркөмдөөлөр арбын кошулуп, анын мааниси мифтик-жомоктук мүнөзгө ээ болуп турат. Ошондой болсо дагы, алардын негизги өзөгүндө, XVIII кылымдын ортосунда Кытай империясы тарабынан талкаланган Жунгар-хандыгына тиешелүү тарыхый окуялар камтылып жатат. Андагы тарыхый маалыматтардан Фу-йу кыргыздары XVIII кылымда Жунгар хандыгынын курамында тургандыгын көрөбүз. Жунгарлардын мамлекетинин кыйроо мезгилиндеги акыркы башкаруучусу Давацыны бул кыргыздар өзүлөрүнүн ханы катары эсептешет. Уламышта айтылган Давацы менен Амурсананын бийлик талашуулары жана кытайлар тарабынан алардын талкаланышы тарыхый факты (Златкин И.Я.-1983; 332).Чындыгында эле, Давацы менен Амурсананын таяке-жээндик туугандыгы болуп, уламышта айтылгандай Амурсана хойт уруусунан болгон (Сапаралиев Д.-1995; 54). Уламыштагы маалыматтардын тактыгы, ошондой эле Амурсананын денесине жара чыгып өлгөндүгү (чындыгында ал чечектен өлгөн), фу-йу кыргыздары XVIII кылымдын ортосундагы Жунгар-хандыгынын тарыхын жакшы билишкендигин тастыктап турат. Бул фактылар Манжурия кыргыздары Жунгар хандыгы менен качандыр бир мезгилде тыгыз байланышта жашап тургандыгын ырастайт. Ал эми манжурия кыргыздары Фу-йу ооданында илгерки мезгилдерден бери эле Жунгар-калмактары, алардын ичинен калмактардын «өлөт» уруусу менен бирге жашап тургандыгы уламышта айтылган окуяны бекемдейт. Енисей өрөөнүн кыргыздардын калдыгы XVIII кылымдын башына чейин мекендеп келгендиги белгилүү. Ал жерден аларды Жунгар калмактары 1703-жылы өзүлөрүнүн Иле дарыясынын боюндагы калмак ханынын ордосу тарабына (Ысык-Көлдүн чыгышы) көчүрүп келишкен

(Абдыкалыков. А.-1964;12-19). Архивдик маалыматтар боюнча енисейлик кыргыздар Жунгар- калмактарынын курамында Чыгыш Теңир-Тоо аймагында болушуп, алардын айрым бөлүктөрү Борбордук Теңир-Тоодогу Талас өрөөнүнө чейин жеткендигин көрөбүз (Потанин Г.Н.-1867; 101). 1758- 60-жылдарда Кыргыз-Казак кошуундары жана Кытай империясы тарабынан талкаланган Жунгар - калмактары жана алардын курамындагы элдердин көпчүлүгү кырылып, айрым бөлүктөрү туш тарапка качышкан. Алардын арасындагы енисейлик кыргыздардын айрымдары да, Россиянын аймагы аркалуу өзүлөрүнүн байыркы мекени Түштүк Сибирге кетүүгө кылган аракеттери документтерде сакталып калган (Валиханов Ч.Ч.-1985; 167-270).

Жунгар-хандыгындагы элдердин кээ бир бөлүгүн Кытай империясынын жазалоочу отряддары Кытайдын ички территориясына, анын ичинде Манжурияга да зордоп көчүрүшкөн (депортациялган). Алардын эң ири бөлүгү, т.а. 25 эскадрону фу-йу кыргыздары жашап турган Хэйлунцзян провинциясына көчүрүлгөндүгү белгилүү (Чернышев А.И.-1990; 89).

Уламыштагы маалыматтарга Караганда фу-йу кыргыздары ошол мезгилде, тактап айтканда XVIII кылымдын ортосунда Жунгар- калмактары менен кошо көчүрүлгөн енисейлик кыргыздардын чакан бөлүгү экендиги көрүнүп турат.

Эгерде алар Ала-Тоолук кыргыздардан бөлүнүп кеткен болсо, анда алардын тарыхый уламыштарында, биздин кыргыз эли жана алар менен кошуна жашаган Орто Азиялык элдер, ошондой эле жер-суу аттары жөнүндөгү маалыматтар сакталып, кандайдыр бир деңгээлде калмак башкаруучуларын кыргыз элинин өкүмдарлары эмес, душманы катары сүрөттөшмөк. Себеби Ала-Тоолук кыргыздар Жунгар хандыгы мезгилиндеги тарыхый окуяларды оозеки чыгармачылыгында өтө бекем сактап калышкан. Кыргыз санжыраларында калмактардын ири жетекчилери гана эмес, алардын экинчи пландагы айрым аскер башчыларынын да аты жөнү, жасаган иштери майда-чүйдөлөрүнө чейин баяндалат. Эң башкысы калмактар менен болгон Ала-Тоолук кыргыздардын согушу элдин эсине бекем тутулуп, алар кыргыз элинин тарыхындагы эң биринчи башкы душман катары эскерилет. 250 жыл чамасында болуп өткөн мындай ири тарыхый окуя фу-йу кыргыздарынын эсинен такыр чыгып кетиши мүмкүн эмес эле. Буга оозеки чыгармачылыктын мыйзам ченемдери дагы жол бербейт. Этнография илиминде 200-300 жылга чейинки тарыхый окуялар элдик уламыштарда жетишээрлик деңгээлде бекем сакталары далилденген (Жданко Т.А.- 1950.-Т.9., 126; Толстова Л.С.- 1984; 22).

Ошондуктан, фу-йу кыргыздарын Ала-Тоолук кыргыздардын эмес, Енисей кыргыздарынын бир бөлүгү деп айтууга толук мүмкүнчүлүк бар.

Фу-йу кыргыздарынын тарыхый уламыштары боюнча чыгарылган биздин жыйынтыкты, алар жөнүндөгү айрым тарыхый-этнграфиялык маалыматтар бекемдешет. Биринчиден лингвист окумуштуулардын изилдөөлөрү фу-йу кыргыздарынын тили Ала-Тоолук кыргыздардын тилине эмес, Түштүк Сибирдеги енисейлик кыргыздардын мекенинде жашаган хакас ж.б. түрк элдеринин тилдерине жакындыгын көрсөтүшү менен, алардын сибирлик кыргыздар менен тилдик байланышын далилдешет. Экинчиден, фу-йу кыргыздарынын азыркы мезгилде сакталып калган уруулук бөлүнүшү же алардын кытайлашып кеткен фамилиялары Енисейлик кыргыздардын уруулук курамы менен дээрлик дал келет. Үчүнчүдөн, Манжуриядагы кыргыздардын диний түшүнүктөрү да,

аларды енисей кыргыздары менен байланыштырат. Кытайлык изилдөөчүлөрдүн малыматтарында фу-йу кыргыздары калмактар сыяктуу эле лама динин тутунушат. Бирок алардын диний түшүнүктөрүндө шаманизмдин элементтери өтө күчтүү сакталып калган. Алар айрым убактарда енисей кыргыздары сыяктуу эле өлүктөрүн өрттөшүп, күлүн таш кутуга салып жердешет. Мындан тышкары диний сыйынууларында шам жагуу, бөрүнүн, үйдүн тезектерин түтөтүү ж.б. көптөгөн отко табынуу салттары колдонулат (Кыргыздар.- 1997; 206—207). Бул фактылар фу-йу кыргыздары енисей кыргыздарынын рухий түшүнүктөрүн алып жүргөн, алардын кандайдыр бир бөлүгү экендигин күбөлөйт. Төртүнчүдөн, фу-йу кыргыздарынын Манжуу жерине кандай жол менен жана кайсыл мезгилде келгендиктерин баяндаган тарыхый уламыштарга анализ жүргүзүү, алар Жунгар-калмактарынын курамында жашап турушуп, калмактар менен чогуу XVIII кылымдын ортосунда Кытай жергесинде көчүрүлүп келгендигин көрсөтөт. Бул болсо Жунгар-хандыгына Сибирден көчүрүлүп келген енисей кыргыздарынын бир бөлүгү, фу-йу кыргыздары экендигин тастыктайт.

Манжуриялык кыргыздар жөнүндөгү тарыхый- этнографиялык маалыматтарды изилдөөнүн жалпы жыйынтыгы, кытай жергесиндеги кыргыз деп аталган бул чакан этнос, енисей кыргыздарынын XVIII кылымдын ортосунда Манжурияга көчүрүлүп келген кичине бир бөлүгү деген корутундуну чыгарат.

Эгерде фу-йу кыргыздары енисей кыргыздарынын кичине бир бөлүгү болсо, анда алардын уламыштарындагы фольклордук мотивдерди биздин Ала-Тоолук кыргыздардагы фольклордук мотивдер менен салыштырып изилдөөгө уникалдуу мүмкүнчүлүк түзүлөт. Себеби енисей кыргыздарынын башка түрк элдери менен аралашпай, өз алдынча сакталып калган калдыгы манжуу кыргыздарынан башка жок десек болот. Ошондуктан, фу-йу кыргыздарынын биз пайдаланган тарыхый уламыштарындагы айрым мотивдерди кыргыз элиндеги фольклордук мотивдер менен салыштырып көрүүгө аракет кылалы.

Фу-йу кыргыздарынын уламышында колго түшүп калган агасын бошотуш үчүн барган Йовгун-мергенге кытай падышасы агасын көрсөтпөй көпкө кыйнайт. Агасынын бошонушун күтүп жаткан Иовгун-мерген кокусунан пайда болгон алп кушту жаа менен атып жарадар кылгандыгы үчүн падышага жагып, анын аскерине машыктыруучу болуп калат.

Дал ушул сыяктуу мотив кыргыз уламыштарында да кездешет. Алсак, санжырада адигине уруусунун курамындагы жору уругунун пайда болушун төмөнкүчө түшүндүрүлөт. Илгери заманда Адигине душмандын колуна түшүп калат. Агасын туткундан бошотуш үчүн иниси Тагай душмандардын падышасына барат. Бирок падыша аны кабыл албай коет. Ошондо Тагай падышанын аң-уулоого чыгуучу жолунан күтүп олтурат. Жигиттери менен мергенчиликке чыгып бара жаткан падышага жолугуп, өзүнүн ага келген себебин түшүндүрөт. Падыша анын айткандарына көңүл бөлбөй, Тагайдын колундагы жаасын көрүп: «Эмне сен жаа аталасыңбы, -дейт да, көкөлөп учуп жүргөн жоруну көрсөтүп, - эгер сен тээтиги жоруну атып тийгизсең, агаңды бошотуп берем», -дейт. Тагай жаасын колуна алып жоруну атканда, ал падышанын дал астына кулап түшөт. Тагайдын мергенчилигине ыраазы болгон падыша агасы Адигинени бошотуп жана ал экөөнө кызмат кылсын деп бир жигитти кошуп берет. Кийин ал жигитти жору атканда келген деп жүрүшүп, Жору атыктырышат да, андан тараган тукум Жору деп аталып калат.

Уламыштардагы бул фольклордук мотивдер бири-бири менен өтө жакын. Колго түшкөн адамдарды бошотууга барган адамдардын аскердик өнөрлөрүнүн артыкчылыктарын белгилейт. Мындай окшош мотивдер бири-биринен алыс турган эки этностун уламыштарында колдонулушу, алардын кандайдыр тарыхый мезгилде этностук бир биримдикте тургандыгын далилдейт.

Фу-йу кыргыздарынын ушул эле уламышындагы Йовгун мергендин өтө зорлугу жана анын Бээжинге чейин жөө келиши, кыргыз санжырасындагы Тобок алп жөнүндөгү уламышты кайталагансыйт. Кыргыз элинин уламышындагы Тобок алп, ат көтөргүс зор болуп, өзүнүн тууганын кытай туткунунан куткарыш учун Бээжинге чейин жөө баргандыгы айтылат. Ал эми Йовгун- мергенди тооктун жөжөсүн кыйнап жаткан кытай аскери ардантып, агасынын өлгөндүгү жөнүндөгү чындыкты билгизгендиги, кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында кеңири жолуга турган фольклордук мотив. Уламыштык каармандарга жашырып, айтпай келген чындыкты кыргыз фольклорунда экинчи пландагы кейипкердин угузуп коюшу салттуу көрүнүш. Алсак, Тагай бийдин экинчи аялынан туулган Карачоро уулуна, ал жаш кезинде ойноп жатып уруп койгон баланын энеси: «мындан көрө Тагай атаңды таап алсаң боло, тентибей»,- деп ага чындыкты ачуусу менен ачып берет. Ушундай эле окуя кыргыз элинин улуу чыгармасы «Манас» эпосунда Семетейге анын Манастын уулу экендигин угузган эпизоддон көрүнөт. Мындай мисалдарды талдай берсек арбын эле жолугат. Фу-йу кыргыздары менен кыргыз тарыхый уламыштарындагы эң башкы окшоштук деталь, алардын байыркы мекени жөнүндөгү маалымат болуп эсептелинет. Фу-йу кыргыздарынын биз караган уламыштарында алардын байыркы мекени катары Енисей өрөөнү эмес, Алтай, Каңгай тоолору көрсөтүлөт (Кыргыздар.- 1997; 408, 412). Ошондой эле Каңгай тоосунун аймагындагы Орхон (Оркун) дарыясы да эскерилет (Кыргыздар.- 1997; 410). Бул болсо Манжуриядагы кыргыздардын же башкача айтканда Енисей кыргыздарынын тарыхында Алтай, Каңгай тоолуу аймактары алар учун кандайдыр бир мааниге ээ болуп, элдин тарыхый эсинде сакталып калгандыгын күбөлөйт. Ал эми кыргыз санжыра, уламыштарында болсо, кыргыздардын байыркы мекени да Алтай, Каңгай тоолору болуп эсептелинет. Мисалы кыргыз эли азыркы мекенине Алтай, Каңгайдан келгенбиз деген баяндамалар арбын кездешет (Солтоноев Б.-1993; 94). Жогоруда каралган этнографиялык маалыматтар фу-йу кыргыздары Енисейлик кыргыздардын бир бөлүгү экендигин көрсөтсө, алардын уламыштарындагы мотивдер менен кыргыз элинин фольклордук мотивдеринин окшоштуктары, Енисей жана Ала-Тоо кыргыздарынын тарыхый бир мезгилде бир бүтүн этнос болгондугун билдирет. Эки башка этностордогу бирдей фольклордук мотивдердин пайда болушу үчүн, алар тарыхый бир мезгилдерде тыгыз этномаданий алакада болушу, бирдей коомдук маданиятты баштарынан чогуу кечириши зарыл. Ошондуктан Енисей жана Ала-Тоо кыргыздарындагы бирин-бири кайталаган фольклордук мотивдер, алардын этногенетикалык байланыштарын чагылдырат. Ал эми Енисей жана Ала-Тоо кыргыздарынын генеалогиялык уламыштарында алардын байыркы мекени Алтай, Каңгай аймактарынын берилиши кызыктуу тарыхый фактыны айкындайт. Белгилүү болгондой, орто кылымдардагы Кыргыз мамлекети 840-жылы Уйгур каганатын талкалап, Борбордук Азияга үстөмдүгүн орноткон. Алар жеңип алган уйгур жери Каңгай тоолоруна көчүп келгендигин кабарлаган кыргыз элчилеринин кытай императоруна берген маалыматтары

тарых булактарында жазылып калган. IX кылымдын ортосунда кыргыз каганаты негизинен Каңгай, Алтай (Монгол Алтай) тоо аймактырын байырлашып, ал жерлердеги элдерге саясий үстөмдүгүн жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болушат. Тарыхый уламышта эскерилген Алтай, Каңгай аймагы, дал ошол IX кылымдын ортосунан X кылымга чейинки тарыхый окуялардын жаңырыгы деп атасак болот.

Фу-йу кыргыздарынан алынган маалыматтар боюнча Енисей жана Ала-Тоо кыргыздарынын өз ара байланыштарын изилдөө аракети биринчи жолу болуп жаткан жок. Биздин изилдөөгө чейин, илимде алгачкы жолу орус лингвисти Э.Р. Тенишев фу-йу кыргыздары енисей кыргыздарынын бир бөлүгү экендигин алардын тилдик маалыматтары боюнча аныктап, ал тилдин базасында байыркы кыргыз тилин реконструкциялап чыгуу менен, азыркы кыргыз тилинин байланыштарын ачып берген «Древнекыргызский язык» аттуу эмгегин 1997-жылы басмадан чыгарган (Тенишев Э.Р.- 1997; 5-6). Фу-йу кыргыздарынын уламыштарына жүргүзгөн биздин анализ Э.Р.Тенишевдин илимий тыянактарын бекемдеп, Енисей кыргыздары менен Ала-Тоолук кыргыздардын этногенетикалык тектештигин толук ырастады. Биздин изилдөөнүн жыйынтыгын төмөнкүчө корутундулоого болот:

1.Манжуриядагы жашаган фу-йу кыргыздары XVIII кылымдын ортосунда кытай бийликтери тарабынан көчүрүлгөн жунгар-калмактары менен кошо кеткен Енисей кыргыздарынын бир бөлүгү.

2.Фу-йу кыргыздарынын тарыхый уламыштарын иликтөө- Енисей жана Ала-Тоо кыргыздарынын өз ара этностук байланыштарын айкындайт.

**АДАБИЯТТАР**


1. АБДЫКАЛЫКОВ А. Енисейские кыргызы в XVIII в. (Исторический очерк): Автореферат на соиск. уч. степ. канд. ист. наук. - М.,1964

2. БУТАНАЕВ В.Я. К вопросу о кыргызско-хакасских этнографических связях//Кыргызы: этногенетические и этнокультурные процессы в древности и средневековье в Центральной Азии: Материалы межд. науч. Конференции. - Бишкек, 1996

3. ВАЛИХАНОВ Ч.Ч. Собр. соч. в пяти. т-х.-Т.2.-Алма-Ата, 1985

4. ЖДАНКО Т.А. Очерки исторической этнографии каракалпаков //Тр. Ин-та этнографии им. Н.Н. Миклухо-Маклая.-М.;Л.,1950.-Т. 9.

5. ЗЛАТКИН И.Я. История Джунгарского ханства: 1635.- 1758.-М., 1983

6. Источники по средневековой истории Кыргызстана и сопредельных областей Средней и Центральной Азии: Тезисы докладов и сообщения межресп. научн. конф. посвящ. памяти В.В. Ромодина. -Бишкек,1991

7. Международное отношение в Центральной Азии XVII-XVШ вв. Документы и материалы.-Кн.-1.-М,1989.-375 с; Кн.-2.-М, 1989

8. Обычаи и традиции и обряды народов Востока: Материалы науч. практ. конф. посвящ. празднику «Нооруз», — Вып. 1. (Инст. восточных языков и культур). —Бишкек, 1999.

9. ПОТАНИН Г.Н. Материалы для истории Сибири.-М.,1867. (Отд. оттиск)

10. Салк Г., Мамбет-турду. The “Fu-yu-Gyrgys”: according tat hi present-day situation and thi legendery past.- Krakow,1998

11.Сапаралиев Д.Б. Взаимоотношения кыргызского народа с русским и соседними народами- XVIIIв.- Бишкек, 1995
12. Скобелев С.Г., Чжан Тайсян, Шомаев А.А. Фуюй кыргыздары- жаңы табылга// Заман Кыргызстан.- 1994.-7-окт.
13. Солтоноев Б. Кызыл кыргыз тарыхы.- 1993
14. Тенишев Э.Р. О языке кыргызов в уезде Фуюй, КНР//Вопросу языкознания.-М., 1996.-№2
15. Толстова Л.С. Исторические предания Южного Приаралья.- М.,1984
16. Фу-йу ооданындагы кыргыздар//Кыргыздар:Кытайдагы кыргыздардын санжырасы, тарыхы, мурасы жана салты.-4-кит.- Бишкек,1997
17. Фу-йу кыргыздарынын уламышы//Кыргыздар.-4-кит.-Бишкек, 1997
18.Ху Чженьхуа. Хейлуңжандагыкыргыздар//Шиңжан.- Тил жана котормо.-1989-№3
19. Чоротегин Т. Фу-йу кыргыздары//Заман Кыргызстан.-1997.-8-авг.
20. Чернышев А.И. Общественное и государственное развитие ойратов в XVIIIв.-М.,1990
21.ЮхаЯнхунен. Манжу кыргыздары//Кыргызстан маданияты.-1991.-9-май
22. Hu Zhen-hua, Guy Zmart. Fu-yu Gyrgys.-Univ.of Calif. At Santa Barbara.